Herbalife Nutrition компаниясы мейли түз же анын атынан аракеттенген үчүнчү жактар аркылуу, чогулту максатына тиешеси бар жеке маалыматтарды гана чогултууну жүзөгө ашырат. Биз ар дайым жеке маалыматтарды тиешелүү юрисдикциянын жеке маалымиаттарды

чогултууну жөнгө салган мыйзамдарына ылайык мыйзамдуу жана адилеттүү ыкмалар менен чогултабыз.

**Сиз бизге түз берген маалыматтар**

Ар кандай учурларда сиз маалыматтарды түз Herbalife Nutrition компаниясына беришиңиз мүмкүн, мисалы, аты жана фамилиясы, почта дареги, телефон номери, электрондук почта дареги, кредиттик карта жөнүндө маалымат, банктык жана биографиялык маалыматтар (анын ичинде туулган күнү жана үй-бүлөлүк абалы жөнүндө маалыматтар). Мисалы, Сайттарды пайдаланууда же Herbalife Nutrition Көз карандысыз Өнөктөшү же Herbalife Nutrition Артыкчылыктуу Кардары («Артыкчылыктуу кардар») статусун алууда бизге маалыматтарды беришиңиз мүмкүн. Эгерде сиз бизге суралган маалыматтарды бербесеңиз, айрым учурларда сизге сураган кызмат көрсөтүүнү бере албай калабыз.

Эгерде сиз бизге башка адамдын маалыматтарын ачыктасаңыз, сиз бул адамдын мындай маалыматты бизге ачыктоого макулдугун талууга милдеттүүсүз.

**Сиздин түзүлүш жана Сайттарды пайдалануу жөнүндө маалымат**

Биз айрым маалыматтарды автоматтык түрдө чогултабыз, мисалы, IP-даректер, браузердин түрү, интернет-кызмат көрсөтүүсүнүн провайдери, алар менен шилтеме боюнча өткөн / сайттан чыккан баракчалар жөнүндө маалыматтар, операциялык система, дата / убакыт белгилери, Сайттагы миздин активдүүлүк (анын ичинде сиз караган Сайттын контенти, чычкандын кыймылы, чычканды басуу, баскычтарды басуу жана сиз караган маалымат) жөнүндө маалыматтар жана/же тенденцияларды талдоо, Сайттарды администрациялоо, Сайттардын функцияларын жана контентин жакшыртуу жана биздин Шарттарды сактоону камсыздоо үчүн кирүүлөр жөнүндө маалыматтар. Мындай маалыматтарды чогулту үчүн биз cookie файлдары, веб-маяктар, сеанстарды ойнотуу / экранды камтуу жана башка технологиялар сыяктуу стандарттуу интернет-технологияларды cookie файлдары жөнүндө төмөндөгү бөлүмдө сүрөттөлгөндөй пайдаланабыз.

Ошондой эле биз сиздин жайгашкан жериңиз жөнүндө так маалыматты, мисалы, сиздин мобилдик түзүлүштүн GPS-координаттарын, уюлдук байланыш мунараларынан маалыматты жана/же WiFi-сигналдарды чогулта алабыз. Бул маалыматтардын негизинде Herbalife Nutrition

сиздин Сайттар, Сергек жашоо образы клубдары же Herbalife Nutrition башка товарлары жана кызмат көрсөтүүлөрү менен өз ара аракеттенүүсүн жекелештире алат. Эгерде сиз Herbalife Nutrition сиздин турган жериңиз жөнүндө маалыматты чогултушун жана пайдалануусун калабасаңыз, сиз өз түзүлүшүңүздө турган жерин аныктоо функциясын өчүрө аласыз. Муну кантип жасоону билүү үчүн, түзүлүштү өндүрүүчүнүн нускамасын караңыз.

**Купуялуулк саясаты**

Herbalife Nutrition Веб-сайттарга кирген бардык жеке адамдын жеке жашоого кол тийбестигин сактайт жана Сиз жөнүндө алынган бардык маалымат биринчиден, Сиз сураган кандайдыр бир кызмат көрсөтүүнү берүү үчүн, экинчиден, Сиз көрсөткөн кызматтардын сапатын жакшыртуу үчүн колдонулат. Бул милдеттерди аткаруу үчүн Сизден алынган маалыматты талаптагыдай пайдаланабыз. Herbalife Nutrition Веб-сайттарында өзүңүз тууралуу маалыматты берүү менен, Сиз ушул Купуялуулк саясатынын шарттарына ылайык аны иштеп чыгууга жана пайдаланууга өзүңүздүн түз макулдугуңузду бересиз.

Сиздин маалыматты Herbalife Nutrition компаниясынан, анын аффилирленген жактарынан же байланыштуу компанияларынан, бардык бул компаниялардын дилерлеринен, агенттиктеринен жана лицензиаттарынан жана Herbalife Nutrition Сиздин кызыкчылыгыңызда кызмат көрсөтүү жөнүндө түз же кыйыр түрдө макулдашкан башка компаниялардан тышкары кимдир бирөөгө ачыктабайт. Маалымат маалыматтарды коргоо жөнүндө колдонуудагы укуктук ченемдерге ылайык иштелип чыгат жана башынан баштап Европа Бирлигинин аймагында же анын чектеринен тышкары дүйнөнүн каалаган жеринде сакталат жана иштелип чыгат. Маалымат Herbalife Nutrition өнүмдөрүнүн жана кызмат көрсөтүүлөрүнүн жана коштоочу өнүмдөрдүн жана кызмат көрсөтүүлөрдүн маркетинги жана илгерилетүү максатында гана колдонулат.

Сиз жеке жак катары Сиз жөнүндө кандай маалыматты сактай турганыбызга тиешелүү маалыматты алуу укугуна жана эгерде зарыл болсо, аларга өзгөртүүлөрдү киргизүү укугуна ээ болосуз; ошондой эле Сиз жөнүндө маалыматты андан ары чогултууга жана пайдаланууга каршылык билдирүүгө укуктуусуз. Сиздин каалоо-тилектериңизди аткаруу үчүн бардык мүмкүн болгон аракетти жумшайбыз. Өзгөчө жагдайларда колдонуудагы мыйзамдар Сиздин жеке маалыматты өчүрүүбүзгө тыюу салышы мүмкүн. Сиз укуктарыңызды кантип жүзөгө ашыра ала

турганыңыз жөнүндө төмөндөгү “Көп берилген суроолор” бөлүмүнүң 11-пунктун караңыз.

**Көп берилген суроолор**

1. Herbalife Nutrition компаниясынын мен тууралуу маалыматты чогултуусунда мен үчүн анын пайдасы кандай?
2. Herbalife Nutrition Веб-сайттарында кандай маалымат чогултулушу мүмкүн?
3. Herbalife Nutrition мындай маалыматты кантип чогултат жана сактайт?
4. Herbalife Nutrition канчалык узакка мындай маалыматты сактайт?
5. Сиздин жеке маалыматтарыңыз кайда сакталат?
6. Эмне үчүн Herbalife Nutrition мындай маалыматты чогултат?
7. Бул саясат кимге карата колдонулат?
8. Балдардын купуялулугуна карата Herbalife Nutrition милдеттенмеси.
9. "cookie" түрүндөгү маалыматтар файлдары деген эмне?
10. Кардарлар досьеси деген эмне?
11. Мен кантип озүм жөнүндө маалыматка жетүү мүмкүндүгүн алып же өзгөртө алам?
12. Эгер мен катталгым келсе, менде кандай мүмкүнчүлүктөр пайда болот?
13. Эгер мен катталгым келбесе, эмне болот?

**Herbalife Nutrition компаниясынын мен тууралуу маалыматты чогултуусунда мен үчүн анын пайдасы кандай?**

Мындай маалыматты чогултуу Herbalife Nutrition компаниясына төмөндөгүлөргө жетүү мүмкүңдүгүн берет:

1. Сиз үчүн Сайтты пайдаланууну оңой кылуу, анткени Сиз бирден көп жолу маалыматты киргизишиңиз керек болот.
2. Бизге маалыматты тез берүүгө жардам берет.
3. Сиздин суроо-талапка ылайык келгнен контентти түзүүгө жардам берет.
4. Herbalife Nutrition компаниясы берген кызмат көрсөтүүнү же маалыматты тез табууга жардам берет.
5. Сайттын иштөөсүн өркүндөтүү үчүн маалыматты пайдалануу.
6. Веб-сайттын негизги тенденцияларын жана аны пайдаланууну баалоо.
7. Сизге жаңы өнүмдөр, атайын сунуштар, жаңыртылган маалымат жана башка Herbalife Nutrition пикиринде Сизди кызыктырышы

мүмкүң болгон жаңы сервистер жөнүндө кабарлоо. Эгерде Сизден уруксат алсак, биз башка компанияларга Сиз менен түз байланышуу ыйгарым укуктарын беребиз.

## Herbalife Nutrition Веб-сайттарында кандай маалымат чогултулушу мүмкүн?

Herbalife Nutrition Сизге жеке маалыматыңыздын үстүнөн көбүрөөк контроль кылууну берүүнү ниет кылат. Эреже болгондой, Сиз өзүңүз жөнүндө маалымдабай же өзүңүз жөнүндө кандайдыр бир маалыматты ачыктабай, Herbalife Nutrition сайтына кире аласыз. Бирок Сиз жөнүндө маалымат талап кылынган учурлар болот, мисалы, Сиздин атыңыз жана дарегиңиз. Интернетте Сиз жөнүндө маалыматты чогултук баштаардан мурда Сизге маалымдоону ниет кылабыз.

Каттоого чейин дагы биз Сиз Веб-сайтты кантип пайдаланыңыз жөнүндө анонимдүү маалыматты чогултабыз. Бул Интернеттеги бардык Веб-сайт үчүн кадимки стандарттуу процедура. Топтолгон маалымат маалыматтар жеке Сизге таандык экенин аныктоо мүмкүнчүлүгүн бербейт, бирок маркетинг максаттары үчүн же биз көрсөткөн кызматтарды жакшыртуу үчүн колдонушубуз мүмкүн.

Эгерде Сиз бизге керек болгон, мисалы, Сиз менен кат жазышу же Сизге жазылууну берүү үчүн керектелген, жеке маалыматтарыңызды Herbalife Nutrition компаниясына Интернет аркылуу берүүнү чечсеңиз, мындай маалыматты кандай пайдалана турганыбызды Сизге маалымдоону ниет кылабыз. Эгерде Сиз мындай маалымат андан ары Сиз менен байланышуу үчүн колдонулушун каалабай турганыңызды маалымдасаңыз, Сиздин каалооңузду аткарабыз.

## HerbalifeNutrition мындай маалыматты кантип чогултат жана сактайт?

Сиз жөнүндө маалымат Сайтта ар кандай жол менен чогултулушу мүмкүн; Сизге түз сурам жөнөтүү аркылуу (каттоо формасындагыдай) же Сиздин Сайтка киргениңиз жөнүндө автоматтык түрдө белгилөө аркылуу. Мисалы, биз сиздин Сайттагы кыймылыңыз жөнүндө маалыматты чогултуп же Сиз тандаган кошумча кызмат көрсөтүүлөрдү жазууну жүргүзө алабыз.

Маалымат физикалык да, техникалык да каражаттар менен корголгон, коопсуз шарттарда сакталат. Маалымат кеңири жетүү мүмкүндүгү үчүн жабык.

**Herbalife Nutrition мындай маалыматты канчалык көпкө сактайт?**

Herbalife Nutrition мындай маалыматты талаптагыдай жана корголгон шарттарда Сизге кантип пайдалуу боло алаарыбызды жана каалоолоруңузду кантип сактоо керектигин баалоо үчүн бизге канча талап кылынса ошончолук көпкө сакталат. Мындан тышкары, мыйзамдар бизди мындай маалыматты белгилүү убакыт аралыгында сактоого милдеттендириши мүмкүн. Өзүңүз туурадуу маалыматты кантип өзгөртүүгө, тактоого болоорун түшүнүү үчүн, сураныч, ушул бөлүмдөгү тиешелүү суроону караңыз.

**Сиздин жеке маалыматтар кайда сакталат?**

Herbalife Nutrition өз ишин дүйнөнүн көп өлкөлөрүндө жүргүзөт. Биздин кардарлар кайда гана жүрбөсүн, аларга макулдашылган кызматтарды көрсөтүү максатында Интернет сайттарыбызды бир борбордук кеңседен башкарабыз. Азыркы убакта ал Америка Кошмо Штаттарында жайгашкан. Herbalife Nutrition компаниясы ЕБ/Швейцариянын жана АКШнын ортосунда түзүлгөн келишимге ылайык жеке жашоого көл тийбестик үчүн “коопсуз гавани принциптерин” сактоо жөнүндө жарыялады жуну муну менен ЕБ/Швейцариядагыдай тиешелүү маалыматты коргоо деңгээлин сактоону кепилдейт. Сиз сураган кызмат көрсөтүүлөргө же маалыматтарды сактоо жана иштеп чыгуу процедураларына жараша, Сиздин жеке маалымат Европа Бирлигинин аймагынан тышкары башка өлкөлөрдө жайгаштырылышы мүмкүн. Эгерде Сиз ЕБ жана АКШ чегинен тышкары турсаңыз, Сиз муну менен Веб-сайттарда Herbalife Nutrition кызмат көрсөтүүлөрүн пайдалануу менен байланыштуу дүйнөнүн каалаган жеринде Herbalife Nutrition серверлерине маалыматтарыңыз берилиши мүмкүн экенине өз макулдугуңузду түз бересиз.

**Эмне үчүн Herbalife Nutrition мындай маалыматты чогултат?**

Бизге мындай маалымат Сиздерге көрсөтүлүүчү кызматтарды өркүндөтүү үчүн керек; биздин өнүмдөрдү жана кызмат көрсөтүүлөрдү Сиздин конкреттүү суроо-талапка ылайык оңой тандоого боло тургандай жасоону каалайбыз.

**Бул саясат кимдерге карата колдонулат?**

Ушул саясат жеке ьקерептөөчүлөрдүн, ошондой эле юридикалык жактардын пайдалануусу үчүн арналган веб-сайттарга карата колдонулат.

**Балдардын купуялуулугуна карата Herbalife Nutrition милдеттенмеси**

Балдардын купуялуулугун сактоо маанилүү. Ушундан улам биз веб-сайтыбызда алар 18 жаштан кичүү экени белгилүү болгон адамдар жөнүндө маалыматты эч качан чогултпайбыз жана иштеп чыкпайбыз.

**«Cookie» файлдарына карата саясат**

**«Cookie» файлдары деген эмне?**

Cookie бул веб-сайт Сиздин компьютердин катуу дискине браузердин cookie файлына бере турган текст маалыматынын чакан порциясы, ошондуктан веб-сайт Сиз жөнүндө маалыматты эстеп калышы мүмкүн. Cookie Сиздин каалоолорго ыкчам жооп кылуу үчүн веб-сайтта контентти уюштурууга жардам берет – көпчүлүк ири веб-сайттар cookie пайдаланышат. Cookie Сиздин өздүгүңүздү аныктоо үчүн өз алдынча пайдаланылбайт.

Cookie файлы негизинен cookie файлы пайда болгон доментин аталышын, cookie “жашоо мөөнөтүң” жана маанини, негизинен кокустан түзүлгөн номерди камтыйт.

Биздин веб-сайтта cookie файлдарынын эки түрү колдонулат:

Сеанстык cookie, убактылуу файлдар болуп саналат, Сиз сайттан чыккан учурга чейин Сиздин браузердин cookie файлында болот.

Туруктуу cookie сиздин браузердин cookie файлында кыйла узакка калат (бирок бул мезгилдин узактыгы конкреттүү файлдын жашоо мөөнөтүнөн көз каранды болот)

**Ушул сайтта cookie файлдары кандай колдонулат жана кандай маалымат чогултулат?**

**Сеанстык cookie төмөндөгүлөр үчүн колдонулат:**

- Биздин сайттын бир баракчасынан маалыматты башка баракчага жылдыруу жана мындай маалыматты кайталап киргизбөө мүмкүнчүлүгүн берет.
- Каттоо алкагында Сизге сакталган маалыматка жетүү мүмкүндүгүн берет.

**Турктуу cookie төмөндөгүлөр үчүн колдонулат:**

- Сиз веб-сайтка кайтып келгенде Сизди женке колдонучу катары таанууга жардам берет (номерди пайдалануу менен, Сиз жеке идентификациялана албайсыз).
- Сиздин кызыгууларга ылайык келген контентти же жарнаманы тандоо же бир эле жарнама жарыясын кайталап көрсөтүүнүн алдын алуу мүмкүнчүлүгүн берет.
- Бизге колдонуучулар биздин сайтты кандай пайдалана турганын түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берген анонимдүү, комплекстүү статистикалык маалыматтарды чогултуу. Мындай жол менен биз Сизди жеке идентификациялай албайбыз.

**Четтик cookie**

Үчүнчү тараптар ушул сайт аркылуу cookie файлдарын беришет. Бул төмөндөгүлөр үчүн жасалат:

- Биздин сайтта жарнама жарыяларын тейлөө жана мындай жарнама жарыялары колдонуучуларга ачык болгонун көзөмөлдөө.
- Конкреттүү жарнама кулактандыруусу Сизге канчалык тезден көрсөтүлө турганын контролдоо.
- Сиздин каалоолоруңузга ылайык контентти тандоо.
- Биздин сайттын анонимдүү колдонуучуларынын санынын эсебин жүргүзүү.
- Сатып алуулар же бүтүмдөр үчүн себетке карата коопсуздукту камсыздоо.

**Веб Маяктар**

Биздин веб баракчалардын тайрымдары веб маяктар («webbeacons», кээде «cleargifs» деп аталган) деп аталган электрондук сүрөттөрдү камтышы мүмкүн, алар бизге бул баракчаларга кирген колдонучулардын санын эсептөө мүмкүнчүлүгүн берет. Веб маяктар өзүнө cookie, баракчаны кароо убактысын жана датасын, веб маяк жайгашкан баракчанын сүрөттөмөсүн камтыган чектелген маалыматты гана

тчогултат. Ошондой эле бизде четтик жарнама берүчүлөр жайгаштырган веб маяктар болушу мүмкүн. Мындай маяктар кандайдыр бир жеке идентификациялык маалыматтарды алып жүрбөйт жана конкреттүү жармана компаниясынын натыйжалуулугун көзөмөлдөө үчүн гана пайдаланылат.

**Cookies өчүрүү жана кошуу**

Сиздин браузердин тескөөлөрүн өзгөртүү аркылуу cookie файлдарын кабыл алуу же четке кагуу мүмкүнчүлүгү бар. Бирок эгерде cookie активдештирилбесе, Сиз биздин сайттын бардык интеравтивдик мүнөздөмөлөрүн пайдалана албайсыз. Эгерде Сиздин катуу дискке cookie файлы кабыл алынганга чейин эскертүү алууну каалаcаңыз, төмөндө берилген нускамаларды сактаңыз:

Netscape Navigator 3.0 колдонуучулары үчүн:

- “Парамметрлер” менюсун ачыңыз
- “Тармактык параметрлер” менюсун басыңыз.
- “Протоколдор” дегенди басыңыз.
- “cookie кабыл алуудан мурда эскертүү” дегендин жанына белгилеңиз.
- Сиздин Netscape папкаңызга кириңиз.
- «cookies.txt» деп аталган файлды өчүрүңүз, мындай жол менен Сиз бардык cookie файлдарын өчүрөсүз.
- Windows 95те «cookies.txt» файлын издөө үчүн Сиз “Старт” менюсунда “Табуу” параметрин пайдаланышыңыз керек.

Explorer 3.0 пайдаланууда:

- “Көрүнүш” менюсун тандаңыз.
- “Параметрлер” дегенди басыңыз.
- “Кеңейтилгендер” дегенди басыңыз.
- “cookie кабыл алуудан мурда эскертүү” дегендин жанына белгилеңиз.
- Cookie каталогуна кириңиз.
- Ал жакта болгон бардык файлдарды өчүрүңүз, мындай жол менен бардык cookie файлдарын өчүрөсүз.

Сиз бул файлдарды өчүрөөр замат, Сизде cookie файлдары калбайт, жана веб-сайт Сиздин системага cookie жөнөтүүгө аракет кылган ар бир

жолу сурам аласыз. Ошондо Сиз cookie “Кабыл алуу” же “Четке кагуу” дегенди тандай аласыз.

Netscape 4.0+ колдонуучулары үчүн:

- Башкы менюда “Редакциялоону” тандаңыз.
- “Параметрлер” дегенди басыңыз.
- “Кеңейтилгендер” дегенди басыңыз.
- “Cookies файлын кабыл алуудан мурда эскертүү” деген жерге белги коюңуз.
- Эми “Старт” баскычын тандаңыз.
- “Издөө” дегенди басыңыз.
- “Файлдар жана папкалар” дегенди басыңыз.
- Пайда болгон издөө сабында «cookies.txt» деп териңиз.
- “Эми издөө” басыңыз.
- Издөөнүн жыйынтыктары пайда болгондо, бардык файлдарды “Таштанды себетине” жылдырыңыз, мындай жол менен Сиз бардык cookie файлын өчүрөсүз.
- Эми ишти аяктаңыз жана Netscape иштетиңиз.

Сиз бул файлдарды өчүрөөр замат, Сизде cookie файлдары калбайт, жана веб-сайт Сиздин системага cookie жөнөтүүгө аракет кылган ар бир жолу сурам аласыз. Ошондо Сиз cookie “Кабыл алуу” же “Четке кагуу” дегенди тандай аласыз.

InternetExplorer 4.0 пайдаланууда:

- “Көрүнүш” менюсун тандаңыз.
- “Интернеттин параметрлерин” басыңыз.
- “Кеңейтилгендер” дегенди басыңыз.
- “cookie кабыл алуудан мурда суроо берүү” пунктун белгилеңиз.
- Эми cookie каталогуна кириңиз.
- Сизде болгон бардык файлдарды өчүрүңүз, мындай жол менен бардык cookie файлдарын өчүрөсүз.

Сиз бул файлдарды өчүрөөр замат, Сизде cookie файлдары калбайт, жана веб-сайт Сиздин системага cookie жөнөтүүгө аракет кылган ар бир жолу сурам аласыз. Ошондо Сиз cookie “Кабыл алуу” же “Четке кагуу” дегенди тандай аласыз.

InternetExplorer 5.0+ пайдаланууда:

- Менюда “Куралдар” дегенди тандаңыз.
- “Интернет параметрлери” дегенди басыңыз.
- “Коопсуздук” салмасын басыңыз.
- “Интернет” зонасын белгилеңиз (алдын ала тандалган).
- Бул зона үчүн “Жогорку” коргоо деңгээлин тандаңыз.
- “ОК” басыңыз.
- Сиздин Cookie каталогуңузга кириңиз.
- Сизде болгон бардык файлдарды өчүрүңүз, мындай жол менен бардык cookie файлдарын өчүрөсүз.

Сиз бул файлдарды өчүрөөр замат Сизде cookie файлдары калбайт жана Сиздин браузер жаңы cookie файлдарын жөнөтпөйт же албайт.

Netscape 6.0+ колдонучулары үчүн:

- Башкы менюда “Редакциялоону” тандаңыз.
- “Параметрлер” дегенди басыңыз.
- “Кеңейтилгендер” дегенди басыңыз.
- “Cookies” талаасын тандаңыз.
- “Cookies кабыл алууда мага эскертүү” же “Cookies четке кагуу” белгиси менен белгилеңиз.
- “ОК” басыңыз.
- “Старт” баскычын тандаңыз.
- “Издөө” дегенди басыңыз.
- “Файлдар жана папкалар” дегенди басыңыз.
- Пайда болгон издөө сабында «cookies.txt» деп териңиз.
- “Издеп баштоону” басыңыз, издөөнүн жыйынтыктары пайда болгондо, бардык файлдарды “Таштанды себетине” жылдырыңыз, мындай жол менен Сиз бардык cookie файлын өчүрөсүз.
- Эми ишти аяктаңыз жана Netscape иштетиңиз.

Сиздин тандооңузга ылайык, веб-сайт жаңы cookie жөнөтүүгө аракет кылган ар бир жолу сурам аласыз же эч кандай cookie орнотулбайт же алынбайт.

Internet Explorer 6.0+ пайдаланууда:

- Менюда “Куралдар” дегенди тандаңыз.
- “Интернетти тескөөлөр” дегенди басыңыз.
- “Купуялуулук” салмасын басыңыз.
- Каалаган тескөөлөрдү тандоо үчүн жөндөгүчтү жылдырыңыз.
- “ОК” басыңыз.

- Cookie папкасын тандаңыз.
- Сизде болгон бардык файлдарды өчүрүңүз, мындай жол менен бардык cookie файлдарын өчүрөсүз.

Сиз бул файлдарды өчүрөөр замат Сизде cookie файлдары калбайт жана Сиздин браузер жаңы cookie файлдарын жөнөтпөйт же албайт.

Netscape 7.0+ колдонучулары үчүн:

- Башкы менюда “Редакциялоону” тандаңыз.
- “Параметрлер” дегенди басыңыз.
- “Купуялуулук & Коопсуздук” дегенди басыңыз.
- “Cookies” талаасын тандаңыз.
- Каалаган тескөөлөрдү тандаңыз.
- “ОК” басыңыз.
- “Старт” баскычын тандаңыз.
- “Издөө” дегенди басыңыз.
- “Файлдар жана папкалар” дегенди басыңыз.
- Пайда болгон издөө сабында «cookies.txt» деп териңиз.
- “Издеп баштоону” басыңыз.
- Издөөнүн жыйынтыктары пайда болгондо, бардык файлдарды “Таштанды себетине” жылдырыңыз, мындай жол менен Сиз бардык cookie файлын өчүрөсүз.
- Эми иштиаяктаңыз жана Netscape иштетиңиз.

Сиздин тандооңузга ылайык, веб-сайт жаңы cookie жөнөтүүгө аракет кылган ар бир жолу сурам аласыз же эч кандай cookie орнотулбайт же алынбайт.

**Cookie өчүрүү**

Сиздин браузердин cookie папкасында орнотулган каалаган cookie файлын эч кыйынчылыксыз өчүрө аласыз. Мисалы, эгерде Сиз Microsoft Windows Explorer пайдалансаңыз:

- «Windows Explorer» ачыңыз.
- Башкы менюда “Издөө” баскычын басыңыз.
- “Папкалар жана файлдарда” издөө сабында “cookie” деп териңиз.
- “Издөө” терезесинде “Менин компьютеримди” тандаңыз.
- “Издөөнү баштоону” басыңыз.
- Папканы табуу үчүн клавишаны эки ирет басыңыз.
- Каалаган cookie файлын “тандаңыз”.

- Клавиатурада “Өчүрүү” баскычын басыңыз.

Эгерде Сиз Microsoft Windows Explorer пайдалансаңыз, анда сиздин cookie папк4аны кайдан издөө керек деген маалымат алыш үчүн “Жардам” бөлүмүндө “cookies” дегенди териңиз.

**Кантип өзүм жөнүндө маалыматты өзгөртө алам?**

Айрым Herbalife Nutrition веб-сайттары каттоо баракчаларында Сиз берген жеке маалыматтарды текшерүү жана оңдоолорду киргизүү мүмкүнчүлүгүн берет. Башка сайттарда Сизге өз мүчөлүгүңүздү жокко чыгаруу укугу гана берилет. Башка учурларда, эгерде Сиз мурда Herbalife Nutrition сайтында берген жеке маалыматтарыңызга жетүү мүмкүндүгүн алуу же өзгөртүү талап кылынса, сураныч, Сиздин жергиликтүү Көз карандысыз Өнөктөштөрдү маалыматтык колдоо бөлүмү менен байланышыңыз же kgru.myherbalife.com сайтына кириңиз жана Сиздин маалыматка он-лайн өзгөртүүлөрдү киргизиңиз. Сураныч, мындай өзгөртүүлөр бардык Herbalife Nutrition системасында чагылдырылышы үчүн аайрым убакыт талап кылына турганына көңүл буруңуз, ошондуктан өзгөртүүлөр дароо көрүнбөй калышы мүмкүн.

**Интернеттин жана Сайттын коопсуздугу жөнүндө эмнени билебиз?**

Интернет коопсуз система эмес жана Сиз сайттарда маалыматты ачыктоо менен, этият болушуңуз керек. Herbalife Nutrition Сайттарында чогултулган жеке маалыматтар кеңири коомчулукка жеткиликтүү болбогон, коопсуз шарттарда сакталат. Айрым учурларда жеке маалыматтар талапетагыдай ькоопсуздук технологиясын пайдалануу менен, Сиз бүтүм жасаардан мурда шифр менен жазылат.

**Эгер мен катталгым келбесе, эмне болот?**

Эгерде Сиз катталбоону же жеке маалыматтарды бербөөнү чечсеңиз, көпчүлүк учурларда Сиз Herbalife Nutrition Веб-сайттарынын көпчүлүгүн пайдалана аласыз. Бирок Сиз каттоо талап кылынган тсайттын бөлүктөрүндө жетүү мүмкүндүгүн ала албайсыз. Сиз каталбасаңыз дагы, мезгил-мезгили менен Сиз Веб-сайтты кантип пайдаланганыңыз жөнүндө анонимдүү маалыматты чогултабыз. Бул маалымат Сиздин өздүгүңүздү аныктабайт, бирок маркетинг максаттары же биз көрсөткөн кызматтарды өркүндөтүү максаттары үчүн пайдалуу болушу мүмкүн.

# Кыргыз Республикасы үчүн каралган кошумча купуялык саясаты

Эгер Сайттарга Кыргыз Республикасынан кирип же жеке маалыматыңызды кандайдыр бир башка жол менен берип жатсаңыз, Herbalife компаниясынын Интернеттеги Жалпы купуялык саясатынын (мындан ары “Саясат”) тийиштүү бөлүмдөрүнө кошумча, жеке маалыматты иштетүү процессине атайын Кыргыз Республикасы үчүн иштелип чыккан жоболор колдонулмакчы (мындан ары “Кыргыз Республикасы үчүн каралган Тиркеме). Саясат менен Кыргыз Республикасы үчүн каралган Тиркеменин тийиштүү бөлүмдөрүнүн ортосунда келишпестиктер келип чыкса, Кыргыз Республикасы үчүн каралган Тиркеменин жоболору көбүрөөк күчкө ээ болот. Саясат да, Кыргыз Республикасы үчүн каралган Тиркеме да Кыргыз Республикасынын учурда колдонуудагы мыйзамдарына баш иет.

Биздин Сайттарга кирүү, пайдалануу мүмкүнчүлүгүн алуу же пайдалана берүү менен, Сиз баарын билип туруп, өз эркиңиз жана ыктыярыңыз менен, так жана даана ушул Саясаттын жана Кыргыз Республикасы үчүн каралган Тиркеменин шарттарын кабыл алганыңызды, ошондой эле бизге, биздин филиалдарыбызга, ошону менен катар бизде иштегендерге, кесипкөй кеңешчилерге, агенттерге жана өкүлдөрүбүзгө жеке маалыматыңызды мыйзам чегинде пайдаланууга, жеке маалыматыңызга карата кандайдыр бир аракеттерди (операцияларды) же аракеттер (операциялар) топтомун автоматташтырылган жабдык менен же ансыз аткарууга, ошондой эле жеке маалыматыңызды жыйноого, каттоого, иштетүүгө, системалаштырууга, топтоого, сактоого (Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары да), түшүндүрүүгө (жаңыртууга, өзгөртүүгө), чыгарып алууга, пайдаланууга, өткөрүп берүүгө (жайылтууга, ачыктоого, көрүүгө), ошондой эле үчүнчү жактарга берүүгө, ээсиздендирүүгө, бөгөттөөгө, өчүрүүгө жана жок кылууга, ошондой эле чек аралар ортосунда өткөрүүгө макулдугуңузду бересиз. Эгер ушул документтеги шарттарды кабыл албасаңыз же жеке маалыматыңыздын кандайча топтолуп жана иштетилишине макул болбосоңуз, биздин Сайттарыбызды пайдаланбаңыз.

Макулдугуңузду артка алганыңызды жазуу жүзүндө билдирип койсоңуз, жеке маалыматыңызды иштетүүнү дароо токтотобуз, эгер макулдугуңузду артка алганыңыз келишимде же мыйзамда көрсөтүлгөн укуктарыбыз менен милдеттенмелерибизди бузбай турган болсо.

Жеке маалыматыңыздын иштелишине макул болбосоңуз же макулдугуңузду артка алсаңыз, Сайттарыбызга кирүү мүмкүнчүлүгүңүздү дароо убактылуу жана/же биротоло токтотууга укугубуз бар.

## Жеке маалыматты бөлүшүү

Саясатта көрсөтүлгөн нерселерден тышкары, Саясаттын 1-бөлүмүндө келтирилген жеке маалыматыңызды бизде иштегендер, кесипкөй кеңешчилер, агенттер жана филиалдарыбыздын, өнөктөш компаниялардын өкүлдөрү менен дагы бөлүшөбүз.

## Жеке маалыматты көрүү мүмкүнчүлүгү жана оңдоо

Биз топтогон, сактаган жана иштеткен жеке маалыматыңыздын бар экендигин, ошондой эле мындай жеке маалыматты көрүүнү жазуу жүзүндө суроого укугуңуз бар. Жазуу жүзүндө жөнөткөн өтүнүчүңүз алынгандан баштап жети календардык күндүн ичинде жооп беребиз.

Тийиштүү документтер менен тастыкталган негиздер болсо, жеке маалыматыңызга өзгөртүүлөрдү/түзөтүүлөрдү киргизүүнү жазуу жүзүндө сурай аласыз. Жазуу жүзүндөгү кайрылууңузга ал алынган күндөн баштап жети календардык күндүн ичинде өтүнүчүңүз канааттандырылды деп же эмне үчүн канааттандыра албай турганыбызды түшүндүрүп жооп беребиз.

## Чек аралар аркылуу өткөрүү

Сиз менен түзүлгөн келишимдин шарттарын аткаруу үчүн жеке маалыматыңыздын Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары өткөрүлүп берилишине (б.а. жеке маалыматтын чек аралар аркылуу өткөрүлүшүнө) өзүнчө уруксат беришиңиз керек.

## Балдардын маалыматы

Бул сайттар жалпы колдонуучуларга арналган веб-сайттар (14 жашка чейинки балдарга киргенге болбойт). Биз 14 жашка чейинки балдардын жеке маалыматтарын топтобойбуз, пайдаланбайбыз же жайылтпайбыз. Сайттардан сиздин балаңызга байланыштуу жеке маалымат топтолду деп ойлосоңуз, төмөнкү дарек боюнча байланышсаңыз, тийиштүү мыйзамга ылайык ал маалыматты өчүргөнгө болгон аракетибизди көрөбүз: privacy@herbalife.com.